КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН
ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

Iskhak_polothan@mail.ru

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Iskhak_polothan@mail.ru

Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин кезексиз 19-сессиясы

ТОКТОМ

2026-жыл 28-октябрь №78

Исхак-Полотхан айыл аймагынын Жошук айылдагы №102 контурундагы калктуу конуштардын жерлери категориясына которулган 5,23 га жер аянтына "Мамлекеттик Ипотекалык Компания" ААКына көп кабаттуу турак үй курууга макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын негизинде, ошондой эле «Мамлекеттик Ипотекалык Компания» ачык акционердик коомунун (МИК) кайрылуусун жана Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн сунушун, Жошук элинин жалпы элдик жыйынынын 2026-жылдын 19-октябындагы №18 протоколун айылдык кеңештин айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиянын корутундусун угуп жана талкуулап чыгып, Исхак-Полотхан айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими менен «Калктуу конуштардын жерлери» категориясына которулган, Исхак-Полотхан айыл аймагынын Жошук айылында жайгашкан №102 контурдагы жалпы аянты 5,23 гектарды түзгөн жер аянты «Мамлекеттик Ипотекалык Компания» ААКына көп кабаттуу турак үйлөрдү курууга макулдук берилсин.
2. Исхак-Полотхан айыл өкмөт башчысы ушул токтомдун негизинде «Мамлекеттик Ипотекалык Компания» ААКы менен кагаз иштерин жүргүзүү жана тиешелүү келишимдерди түзүү жагы тапшырылсын.
3. Токтомду мыйзамда белгиленген тартипте аткарууга алуу, айыл өкмөт башчысына жүктөлсүн.
4. Ушул токтомдун көчүрмөсү ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Баткен облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Исхак-Полотхан айылдык кеңештин, бюджет, инвестиция, экономика, ишкердик иштери жана коомдук уюмдар боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага **Г. Матажиев**